**УДК 82.3**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-4-571-578**

**Мокеева А.М.**
филология илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
asylaimokeeva@mail.ru
**Жантаев А.С.**
филология илимдеринин доктору, профессор
С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети
Нарын ш.
adilbek@nsu.kg

# ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН «КУТТУУ БИЛИМ» ДАСТАНЫНДА ҮЙ-БҮЛӨ БААЛУУЛУГУНУН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

**Аннотация.** Макалада орто кылымдардагы улуу акын Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» дастанында үй-бүлө баалуулугунун чагылтылышы тууралуу кеп болот. Авторлор даңазалуу ойчулдун үй-бүлө баалуулугуна, үй-бүлөлүк мамилелерге карата көз караштарын ачууну максат кылышат. Ошондой эле азыркы учурда үй-бүлө баалуулугунун маанисин жаш муундарга жеткирүүдө, түшүндүрүүдө Ж. Баласагындын «Куттуу билим» дастанындагы ушул багытта айтылган идеялар актуалдуулугун жоготпой келатканын баса белгилешет.

**Негизги сөздөр:** адам, акын, ата, аял, бала, баалуулук, дастан, коом, көз караш, учур, үй-бүлө.

**Мокеева А.М.**
кандидат филологических наук, и.о. доцента
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
asylaimokeeva@mail.ru
**Жантаев А.С.**
доктор филологических наук, профессор
Нарынский государственный университет имени С. Нааматова
г. Нарын
adilbek@nsu.kg

# ОТРАЖЕНИЕ ЦЕННОСТИ СЕМЬИ В ПОЭМЕ ЮСУФА БАЛАСАГУНИ «БЛАГОДАТНОЕ ЗНАНИЕ»

**Аннотация.** В статье речь пойдет об отражении ценности семьи в поэме «Благодатное знание» великого средневекового поэта Юсуфа Баласагуни. Авторы стремятся раскрыть взгляды выдающегося мыслителя на ценность семьи, семейные отношения. А также подчеркивают неизменное значение и актуальность идей в этом направлении поэмы «Благодатное знание» Ю. Баласагуни в доведении, разъяснении молодым поколениям роли ценности семьи на современном этапе.

**Ключевые слова:** человек, поэт, отец, женщина, ребенок, ценность, поэма, общество, точка зрения, современность, семья.

**Mokeeva A.M.**
Candidate of Philological Sciences, Acting Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
asylaimokeeva@mail.ru
**Zhantaev A.S.**
Doctor of Philology, Professor
Naryn State University named after S. Naamatov
Naryn c.
adilbek@nsu.kg

## REFLECTION OF THE VALUE OF THE FAMILY IN YUSUF BALASAGUNI'S POEM "BLESSED KNOWLEDGE"

**Annotation.** The article will focus on the reflection of the value of the family in the poem "Blessed Knowledge" by the great medieval poet Yusuf Balasaguni. The authors seek to reveal the views of an outstanding thinker on the value of family and family relations. They also emphasize the constant importance and relevance of the ideas in this direction of the poem "Blessed Knowledge" by Y. Balasaguni in bringing, explaining to young generations the role of the value of the family at the present stage.

**Keywords:** man, poet, father, woman, child, value, poem, society, point of view, modernity, family.

Үй-бүлө баалуулугу педагогдордун, психологдордун, социологдордун, философтордун, филологдордун илимий изилдөөлөрүндө тигил же бул даражада иликтенип келатат. Окумуштуулардын аталган баалуулукка кызыгууларынын себеби бар, азыр дүйнөдө үй-бүлө баалуулугунун коомдогу ролу менен орду, мааниси бир кыйла төмөндөгөн учурлар кездешип жатат. Үй-бүлө коомдун эң негизги уячасы катары ордун жоготкон өлкөлөр да жок эмес. Ушундай шартта көркөм адабияттын көөнөргүс үлгүлөрүндө, көркөм дөөлөттөрүндө үй-бүлө баалуулугуна карата көз караш кандай болгонун жаш муундарга жеткирүү учурдун талабына ылайыктуу деп эсептейбиз.

Үй-бүлөнү баалуулук катары изилдеген бир катар окумуштуулар XXI кылымда салттуу баалуулуктар, анын ичинде үй-бүлө баалуулугу «жаңы үй-бүлөлүк мораль» менен алмашылганын белгилешет. Ал эми үй-бүлөнүн жаңы моралы инсандын максатка багытталгандыгына, өзүн өнүктүрүүсүнө, керектөөлөрүн канааттандыруусуна барып такалат. Башкача айтканда, азыркы учурдагы үй-бүлөнүн баалуулуктары индивидуалисттик баалуулуктарга айланган.

Ушуга байланыштуу учурда үй-бүлө баалуулугунун маани-маңызын, үй-бүлөлүк мамилелердин аксиологиялык негиздерин, үй-бүлөлүк турмуштун жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана өз ара аракеттешүү тенденцияларын аныктоо, инсандын жана үй-бүлөнүн карым-катышы проблемасы өзгөчө актуалдуулукка ээ болуп жатат.

Элдик оозеки чыгармачылыктан тартып, кесипкөй көркөм адабиятка чейин көркөм сөз өнөрү турмуш чындыгын чагылтып келген, аны кайра өзгөртүп түзүүгө катышкан жана өзүнүн мыкты үлгүлөрүнүн мисалында үй-бүлө баалуулугун даңазалаган. Адабияттын классиктеринин чыгармаларында үй-бүлө баалуулугу жана үй-бүлөлүк мамилелер сюжеттин негизи болуп саналган. Кыргыз адабиятында да үй-бүлө баалуулугу, инсандын адептик изденүүлөрү темасы козголгон учурлар арбын. Муну биз Ч. Айтматовдун, К. Жусубалиевдин, М. Гапаровдун, М. Мураталиевдин ж.б. көптөгөн чыгармачыл инсандардын көркөм туундуларынан байкай алабыз.

Орто кылымдардагы белгилүү чыгармачыл инсандардын арасынан, Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» дастанында үй-бүлө баалуулугуна өзгөчө астейдил мамиле жасалып, үй-бүлөлүк мамилелердин ар кыл кырлары чагылтылган. Бул макалада аталган дастанда үй-бүлө баалуулугуна акын кандай баа бергендигине талдоо жасалат.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу**

Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» дастанында үй-бүлө баалуулугунун чагылтылуусун изилдөөнүн актуалдуулугун бүгүнкү күндө коомубузда аталган баалуулукка карата мамиленин карама-каршылыктуу мүнөзгө ээ болуусу менен аныктоого болот. Азыр дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүндө үй-бүлө баалуулугунун баркы-баасы, наркы-куну төмөндөдү. Үй-бүлөгө маани бербеген муун пайда болду. Тилекке каршы, ушул дүйнөлүк терс тенденция кыргыз жаштарына да акырындап жугуп келатат. Ошондуктан атактуу ойчул Жусуп Баласагындын дастанында үй-бүлө баалуулугунун чагылтылышын талдоо – биздин учур үчүн абдан актуалдуу жана жаштарыбыз үчүн өтө маанилүү, үлгүлүү, кызыктуу деген пикирдебиз.

**Материалдары жана усулдары**

Бул макалада Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» дастаны баалуулуктук аспектиден изилдөөгө алынат. Изилдөөнүн эң негизги материалы даңазалуу дастандын тексти болуп саналат. Мындан тышкары, окумуштуулардын үй-бүлө баалуулугуна жана ушул дастанга байланыштуу эмгектерине да көңүл бурулат. Макалада астыга коюлган милдетти чечүү үчүн негизинен адабияттарга сереп жасоо, анализ, синтез, жалпылоо сыяктуу теориялык усулдар колдонулат. Ушул илимий изилдөө усулдарынын негизинде дастанда үй-бүлө баалуулугунун чагылтылуусун ачуу аракеттери жасалып, бул багытта тиешелүү тыянактар чыгарылат.

**Адабияттарга сереп**

Макаланын алкагында биз карай турган эң негизги адабият – бул Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» дастанынын кыргыз тилиндеги тексти. Ал 1993-жылы Москва шаарынан «НИК» басмасынан жарык көргөн. Мында үй-бүлө күтүү, уул-кыздарды тарбиялоо тууралуу абдан маанилүү ойлор айтылган [8]. Ошолорго таянуу менен Жусуп Баласагын турмушта үй-бүлө баалуулугуна өзгөчө маани бергенин айта алабыз.

Дастан тууралуу эмгектерге токтолсок, кыргыз тилинде жарык көргөн алгачкы маанилүү изилдөө 1965-жылы басылып чыккан Ү. Асаналиев менен К. Ашыралиевдин «Куттуу билим» эстелигинин өзгөчөлүктөрү» атуу изилдөөсү болуп саналат [7]. Мында негизинен чыгарманын тилдик өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурулат. Андан кийин бул темада жалпысынан илимий макалалар тынымсыз жарык көрүп турат. Алсак, К. Артыкбаев 1967-жылы «Кыргызстан маданияты» гезитинин 1-санына «Адабиятыбыздын башатына көз чаптырсак» деген макаласын жарыялаптыр. Мында ал улуу бабабыз Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» дастанын улуттук адабияттын курамына киргизүү маселесин алгачкы ирет

козгогон [3]. Окумуштуу-адабиятчы өзүнүн бул көз карашын андан ары өнүктүрүп, 1999-жылы «Жусуп Баласагын жана Махмуд Кашкардын мурастары» аттуу окуу куралын авторлоштукта жарыялаган [4]. Аталган эмгектен бир аз мурда, 1998-жылы А. Абдразаков «Жусуп Баласагын» деген изилдөөсүн окурмандарга тартуулаган [1]. Андан кийин 2000-жылы илимпоз З. Эралиев «Жусуп Баласагын» деген окуу куралын коомчулукка сунуштаган [15]. Таластан Төлөгөн (бул «Куттуу билимди» кыргыз тилине которгон Т. Козубеков) 2003-жылы «Бейне сүртүмдөрү» деген изилдөөсүн басып чыгарган [13]. Андан соң К. Артыкбаев 2004-жылы «Жусуп Баласагын тууралуу баян» аттуу китепти түзгөн жана авторлорунун бири болгон [5]. Дагы бир илимпоз Н. Турдубаева 2006-жылы «Жусуп Баласагын жана анын «Кутадгу билиг» дастаны» деген эмгегин жарыкка чыгарган [14]. Ошентип, бүгүнкү күнгө карата улуу бабабыз Ж. Баласагындын «Куттуу билим» дастанына багышталган илимий эмгектер жетиштүү эле учурайт. Дастан жөнүндө макалалар болсо миңдеп саналат.

Ал эми үй-бүлө баалуулугу боюнча окумуштуулар бир катар олуттуу илимий изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн. Алсак, О. И. Волжина 2002-жылы «Семья как социокультурная ценность» аттуу социология илимдери боюнча докторлук диссертациясын коргогон. Бул эмгекте үй-бүлөнү социомаданий баалуулук катары изилдөөнүн негиздери, социомаданий баалуулук катары үй-бүлө концепциясы, азыркы орус коомундагы үй-бүлөнүн социомаданий баалуулук катары өзгөрүүсү талданган [10]. Андан соң, Е. О. Карасёва 2003-жылы «Развитие мировоззренческой позиции педагога о современной семье как социокультурной ценности» деген темада педагогика илимдери боюнча кандидаттык диссертациясын коргогон. Аталган эмгекте билим берүүнүн баалуулуктары менен максаттарынын түзүмүндөгү үй-бүлөнүн менталитети, социомаданий баалуулук катары азыркы үй-бүлө жөнүндө педагогдун дүйнөкөрүмдүк турумун өнүктүрүүнүн теориялык негиздери жана педагогикалык шарттары каралган [12]. Дагы, Е. А. Безнощенко 2010-жылы «Семья как социальная ценность: философский анализ» деген философия илимдери боюнча кандидаттык диссертациясын коргогон. Бул диссертацияда үй-бүлөнү социалдык баалуулук катары изилдөөгө карата теориялык-методологиялык мамилелер, үй-бүлөнүн социалдык макамын изилдөөгө карата аксиологиялык мамиленин генезиси менен эволюциясы, коомдун өнүгүүсүнүн азыркы тенденцияларынын контекстинде Россияда үй-бүлөнүн өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү иликтенген [9]. Үй-бүлө баалуулугуна арналган илимий макалалардын саны да бир кыйла арбын.

Ошентип, Ж. Баласагындын «Куттуу билим» дастанына жана үй-бүлө баалуулугуна арналган эмгектер жетиштүү эле санда табылат.

**Натыйжалары**

Жогоруда келтирилген мисалдардан айкын байкалгандай, кыргыз окумуштуулары Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» дастанын философиялык, адабий-тарыхый, тилдик мурас катары изилдөөгө белгилүү бир даражада салым кошушкан. Алар даңазалуу дастандын тили, идеясы жана темасы, жалпы мазмуну, авторунун теги жаатында омоктуу ойлорун ортого салышкан. Ошентсе да, айрым бир макалаларды эске албаганда, бул чыгарманын баалуулуктук касиет-сапаттары анчейин изилдөөгө алынбай келатканын көрө алабыз. Демек, бул багытта изилдөөлөрдү жүргүзүү, анын ичинде дастанда үй-бүлө баалуулугунун кандай чагылтылганын ачуу илим үчүн бир кыйла кызыктуу натыйжаларды берет деген ишенимдебиз. Анын үстүнө, үй-бүлө баалуулугу тууралуу философия, социология, педагогика илимдеринде жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн барлыгы, бизге бул багытта өз сөзүбүздү айтууга, өз көз карашыбызды билдирүүгө толук мүмкүнчүлүк түзөт.

**Талкуулоо**

Арийне, илимде Жусуп Баласагын ким өзү, кайсыл элдин өкүлү деген маселе боюнча карама-каршы көз караштар бар. Кыргыз окумуштууларынын ичинен залкар акын кыргыз тектүү экенин жактап чыккандардын алгачкысы К. Артыкбаев экендигин белгилегенибиз жөндүү. Ал бул көз карашын 1967-жылы айтып, ошондон бери аны далилдөөнүн үстүндө тырыша эмгектенген. Анан Баласагындык Жусуптун «Кутадгу билиг» аттуу эмгеги… кыргыз элине көбүрөөк таандык экени жөнүндө мыйзам ченемдүү тыянакка келген [6, 11-б.].

Мындан тышкары, илимпоздорубуз «Куттуу билим» дастаны дүйнөлүк маанидеги зор көркөм-эстикалык баалуулук экенине ынанышкан. Бул жааттагы көз карашын академик А. Акматалиев төмөнкүчө билдирет: «Дүйнөлүк адабияттагы эң баалуу адабий эскерткичтердин бири – «Куттуу билим» дастаны» [2, 75-б.]. Ал кандайдыр бир даражада К. Артыкбаевдин көз карашын колдоого алат: «Куттуу билим» түрк элдеринин, анын ичинде кыргыз элинин мактаныч менен туткан, жападан жалгыз орто кылымдагы көөнөрбөс жазма чыгармасы» [2, 91-б.].

Биз да кезегинде элибиздин кенчи, мурасы болгон улуу дастандын баалуулуктар тутумуна байланыштуу макала жазып, ушул багыттагы оюбузду ортого салганбыз. Анда «Куттуу билим» дастанында билим, илим, эмгек, мекендин ыйыктыгы, жамааттык жоопкерчилик, улууларды урматтоо, иерархия, жупунулук, мамлекеттин кубаты, меймандостук, эр жүрөктүк баалуулуктары негизги орунда турушарын мисалдар менен көрсөтүп, кыргыз эли дагы аталган баалуулуктарды бекем карманып келгенин белгилегенбиз [11, 88-96-б.].

Бул макалабызда Ж. Баласагындын «Куттуу билим» дастанында үй-бүлө баалуулугунун чагылтылуусун талдоого алабыз. Улуу акын өзүнүн өлбөс-өчпөс дастанында үй-бүлө баалуулугун жогору баалай турганын билдирген. Муну акындын чыгарманын түзүмүндө үй-бүлө күтүүгө, уул-кыздарды тарбиялоого өзгөчө көңүл буруп, өзүнчө бөлүмчөлөрдү арнаганы даана көрсөтүп турат. Алсак, дастандын 343-345-беттеринде өзүнө аялды кантип тандоо керектиги тууралуу айтылат. Ал эми 345-346-беттерде уул менен кыздарды кандай тарбиялоо керектиги баяндалат. Акын биздин көңүлүбүздү бурган аялды элибиз үйдүн куту деп коёт. Ошондой эле кыргыз эли балдарга – уул менен кызга да абдан чоң маани берет. Аял, уул, кыз – бардыгы үй-бүлө мүчөлөрү. Улуу ойчулдун буларга өзүнчө көңүл токтотkону – анын үй-бүлө баалуулугуна зор маани берерин күбөлөндүрөт.

Үй-бүлөгө келсек, аны изилдеген окумуштуулардын кыйласы үй-бүлөнү баалуулук катары карашып, ага аксиологиялык аспекттен мамиле кылышат. Алсак, изилдөөчү О. И. Волжина үй-бүлөгө карата көз карашын төмөнкүчө билдирет: «Үй-бүлө социомаданий баалуулук катары ал ээ болгон социалдык жана жекелик мааниси аркылуу изилденет. Бир жагынан, ал жыныстар менен муундардын өз ара мамилелерин социалдык жөнгө салуунун элементи, ал эми башка жагынан – коомдо бөлүшүлгүчү жана адамда үй-бүлөлүк жүрүм-турумдагы белгилүү бир ориентацияны калыптандыруучу жүрүм-турумдук эталон болуп саналат» [10, с. 274]. Ал эми диссертант Е. О. Карасёва: «…социомаданий баалуулук катары үй-бүлө проблемасын талдоонун негизги предмети ата-энелердин социалдык ролун изилдөө, алардын баланын социалдашуусунун негизги факторлорунун катарындагы ордун жана ал үй-бүлөнүн социалдык шарттарына, чарбалык ишмердүүлүгүнө, түзүмүнө, тибине жб.у.с. жараша кандайча өзгөргөндүгүн аныктоо болуп калды», – деп белгилейт [12, с. 5]. Ошондой эле изилдөөчү Е. А. Безнощенко үй-бүлө баалуулугуна карата өз оюн төмөнкүчө туюндурат: «Үй-бүлө кызматтык-баалуулуктук социалдык өз ара аракеттешүүнүн баштапкы

компоненти, адамдын социалдашуусунун эң маанилүү формасы болуп саналат, анын маңызы коомдун тарыхый жана этникалык өзгөчөлүктөрүн чагылдырган баалуулуктук артык көрүүлөрдү сактоо жана көчүрүү болуп эсептелет» [9, с. 156]. Ошентип, үй-бүлө ар бир адамдын өнүгүүсү үчүн зарыл баалуулук болуп саналат, мамлекеттин турмушунда, жаңы муундарды тарбиялоодо, коомдук туруктуулукту жана өнүгүүнү камсыздоодо маанилүү роль ойнойт. Үй-бүлөнүн эң маанилүү коомдук кызматы – балдарды тарбиялоо жана өнүктүрүү, өсүп келе жаткан муунду социалдаштыруу, коомго аралаштыруу. Демек, мына ушундай маанилүү баалуулукка Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» дастанында үй-бүлө күтүү, балдарды тарбиялоо жаатында кеңештерин айтып кайрылуусу мыйзам ченемдүү эле көрүнүш.

Жусуп Баласагын үйлөнүүнү максат кылган жигиттерге аялды кантип тандоо керектиги туурасында өз насаатын айтып, өзүнө теңдүү жерден да, бай жерден да, тектүү жерден да кыз албоо керектигин эскертип, мунун себептерин кенен түшүндүрүп, анан төмөнкүдөй тыянак жасайт:

Акылдуу кызды тапсаң карап турба,
Төрт сапаттын бардыгы болот анда!

Таптыңбы акылдууну – шашыл дароо,
Үйлөнүп ал, табылгыс бакыт ошо.

Тилегиң байлык болсо, аял жыят,
Байлык артып, бакытка үйүң тунат.

Абийирдүүбү аялың – сулуу ошо,
Аял сулуу көңүлү изги болсо [344-б.].

Албетте, акындын бул кеп-кеңеши абдан туура. Алган жарың акылдуу болсо, турмуштун азап-тозогуна, жакшы-жаманына сени менен кошо чыдай алса, анда үй-бүлөң бекем болот. Ал эми бекем, ынтымактуу үй-бүлөдөн келечекте тарбиялуу, ыймандуу уул-кыздар өсүп чыгат.

Улуу ойчул уул-кызга жакшы тарбия берүүгө да зор маани берет. Акындын ою боюнча, уул-кызды өз үйүндө өстүргөнүң, ар дайым көзөмөлдөп, бош калтырбай, эмгек кылууга үйрөткөнүң, билим бергениң, жакшы сапаттарды үйрөткөнүң абдан зарыл.

Уул, кыздуу болуп калсаң сен эгер,
Үйүңдө өстүр, жайсыз болот бөтөн жер.
Тарбиячы адам тап, пейли кенен,
Уул-кызың дени сак өсөт экен.
Билим берип, адилет тарбияла,
Эки дүйнө бактылуу болот анда [345-б.].

Арийне, ар бир адамдын балдарына тилегени жакшылык. Ал тилек ишке ашсын үчүн уул-кызга үй-бүлөдө туура тарбия берилиши, коомдон татыктуу орун тапкыдай билимге ээ кылынышы абзел. Акын дал ушуну жаземдебей баамдаган дагы, үй-бүлө күтөм деген жаштарга туура кеңештерин айткан. Бул Ж. Баласагын өз турмушунда дагы үй-бүлө баалуулугуна чоң маани бергенин аныктап турат.

**Корутунду**

Макаланын аягында адабияттарга серептин жана талкуулоонун негизинде төмөнкүдөй тыянактарды жасоого болот:

1. Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» дастаны – орто кылымдардан калган маанилүү көркөм-эстетикалык баалуулук.

2. Азыркы учурда изилдөөчүлөр үй-бүлөнү мааниси зор социомаданий баалуулук деп эсептешет.

3. «Куттуу билим» дастанында үй-бүлө баалуулугуна өзгөчө орун берилип, ал үй-бүлө күтүү жана уул-кызды тарбиялоо туурасындагы маанилүү кеңештер менен чагылтылган.

4. Дастандагы жаштарга айтылган үй-бүлө күтүү, уул-кызды тарбиялоо боюнча кеңештер азыркы учурда деле актуалдуулугун жогото элек.

**Пайдаланылган адабияттардын тизмеси:**

1. Абдыразаков, А. Жусуп Баласагын [Текст]: Окуу куралы / А. Абдыразаков. – Б., 1998. – 51 б.

2. Акматалиев, А. Жусуп Баласагын [Текст] // Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы. Байыркы орток жана кол жазма адабияты. 4-том / А. Акматалиев. – Б.: Кыргызполгирафкомбинат, 2002. – 436 б.

3. Артыкбаев, К. Адабиятыбыздын башатына көз чаптырсак // Кыргызстан маданияты, 1967, №1

4. Артыкбаев, К. Жусуп Баласагын жана Махмуд Кашгардын мурастары [Текст]: Окуу куралы / К. Артыкбаев. – Б., 1999. – 230 б.

5. Артыкбаев, К. Жусуп Баласагын тууралуу баян [Текст]: Жыйнак / К. Артыкбаев. – Б.: АРХИ, 2004. – 344 б.

6. Артыкбаев, К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы [Текст]: Окуу китеби / К. Артыкбаев. – Б.: «ТАС» ЖЧК, 2004. – 656 б., ил.

7. Асаналиев, Ү. “Куттуу билим” эстелигинин өзгөчөлүктөрү [Текст]: Окуу куралы / Ү. Асаналиев, К. Ашыралиев. – Ф.: Илим, 1965.

8. Баласагын, Ж. Куттуу билим [Текст]: Дастан / Ж. Баласагын. – М.: НИК, 1993. – 496 б.: сүр.

9. Безнощенко, Е. А. Семья как социальная ценность: философский анализ [Текст]: дис. … канд. филос. наук.: 09.00.01 / Е. А. Безнощенко. – Москва, 2010. – 170 с.

10. Волжина, О. И. Семья как социокультурная ценность [Текст]: дис. … док. соц. наук.: 22.00.04 / О. И. Волжина. – Москва, 2002. – 311 с.

11. Жантаев, А. «Куттуу билим дастанынын баалуулуктар тутуму // Кыргыз жана Карахандар каганаттары: Куттуу билим жана мамлекет: Жусуп Баласагындын 1000 жылдыгына арналган IV эл аралык илимий-тажрыйбалык жыйындагы баяндамалардын жыйнагы. – Б.: Maxprint, 2015. – 88-96-б.

12. Карасёва, Е. О. Развитие мировоззренческой позиции педагога о современной семье как социокультурной ценности [Текст]: дис. … канд. пед. наук.: 13.00.01 / Е. О. Карасёва. – Ставрополь, 2003. – 227 с.

13. Таластан, Т. Бейне сүртүмдөрү [Текст]: Окуу куралы / Т. Таластан. – Б., 2003. – 156 б.

14. Турдубаева, Н. Жусуп Баласагын жана анын «Кутадгу билик» дастаны [Текст]: Окуу куралы / Н. Турдубаева – Б.: Бийиктик, 2006. – 166 б.

15. Эралиев, З. Жусуп Баласагын: [Текст]: Окуу куралы / З. Эралиев. – Бишкек: ИИМОП КГНУ, 2000. – 129 б.

**Рецензент филология илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.  Устабаева Г.**